**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.18.575 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, ф.и.д. Тиллебаев Садык Алахановичтин 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга берилген Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну" деген темадагы диссертациясына**

**КОРУТУНДУСУ**

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке дал келиши**

Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну" деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 10.01.01 - кыргыз адабияты адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмунуна, анын тематикасына, проблематикасына, пафосуна комплекстүү түрдө илимий изилдөө жүргүзүлөт.

Иштин **максаты** катары Абдулхай Алдашевдин документалдуу трилогиясынын материалында анын эссеистикасынын баалуулуктук мазмунуна комплекстүү талдоо берүүнү, калемгердин эссе табияттуу, эссеистикалык маанайдагы романдарын адабий талдоого алууну, чыгармаларында чагылдырган, сыпаттаган жалпы адамзаттык баалуулуктарды ачууну, мунун негизинде романдарынын баалуулуктук мазмунун айкындоону белгилейт.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

1. Дүйнөлүк адабияттагы эссе жанрынын изилденишине сереп жасоо;
2. Эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе түшүнүктөрүнө мүнөздөмө берүү;
3. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын изилденишине сереп жасоо;
4. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөө зарылдыгын аныктоо;
5. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн объектисин жана предметин аныктоо;
6. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн методологиясын сыпаттоо;
7. Абдулхай Алдашевдин эссеисттик үчилтигинин баалуулуктук мазмунун ачуу;

8. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн илимий-теориялык негиздерин талдоонун натыйжаларын сыпаттоо;

9. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн объектисин, предметин жана методологиясын иликтөөнүн натыйжаларын сыпаттоо;

10. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын талдоонун негизинде изилдөөнүн жаңы багыттары тууралуу практикалык сунуштарды берүү.

Диссертацияда аксиологиянын категорияларын айкалыштыруу менен адабият таануунун биографиялык, тарыхый-адабий, салыштырма-тарыхый теориялык усулдары колдонулган.

Бул 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына туура келет.

2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу

Биринчи, Абдулхай Алдашевдин өмүр жолу, чыгармачылыгы тууралуу буга чейин бир катар эмгектерде сөз болсо дагы эссе жанрындагы ишмердүүлүгүнүн кыргыз адабиятындагы ордун, анын тематикасын, проблематикасын, баалуулуктук мазмунун, чагылтылган баалуулуктар тутумун биринчи жолу комплекстүү илимий талдоого алуу болгонунда жатат. Экинчиден, А. Алдашевдин роман-эсселерин жаңыча баалоо мезгили келгенин диссертант белгилеп, аксиологиялык өнүттө талдоого алышы, үчүнчүдөн, адабият теориясында документалдык-публицистикалык жанрларга көңүл бурууга байланыштуу эссе жанрынын теориясына токтолуп, кыргыз адабиятындагы түптөлүүсүнө, өнүгүүсүнө жана изилденүүсүнө илимий чабыт курууга аракет жасайт. Мына бул маселелер иштин актуалдуулугун негиздеп турат.

3. Илимий жыйынтыктар

Диссертациялык иште кыргыз адабият таануу тармагынын өнүгүшү үчүн маанилүү болгон төмөндөгүдөй илимий жыйынтыктар жасалган:

1-жыйынтык. Дүйнөлүк адабияттагы эссе жанрынын илимий-теориялык аңдаштырылышы XX кылымдын 70-80-90-жылдарында советтик окумуштуулар В. И. Березкинанын, Н. И. Бушманованын, Е. П. Зыкованын ж.б. изилдөөлөрүндө эссе теориясынын жалпы жоболорун ар башка улуттук адабияттардын материалдарына жана жеке авторлордун чыгармачылыктарына карата ыңгайлаштырып колдонушкан, бул эссе теориясынын андан ары тереңдөөсүнө, күчтөнүүсүнө түрткү болгон (1-бөлүм, 1- бөлүмчөлөр).

**2-жыйынтык.** Эссе - көркөм чыгармачылыктын жанры, эссеистика — турмуш чындыгын таанып билүүнүн усулу, эссе - турмуштук материалды уюштуруунун формасы, ал эми эссеистика - бир жагынан, анын негизинде реалдуу турмуш чындыгынын мазмуну өздөштүрүлүүчү, башка жагынан, көркөм чыгарманын мазмундук бүтүндүгү түзүлүүчү чыгармачылык принциптер; эссеизация - ар кандай эле чыгармачылык ишмердүүлүктөгү кубулуш; эссеизм - көркөм ишмердүүлүк процессиндеги жанрдык белги;

роман-эссе - бул азыркы романистикадагы өзгөчө кубулуш, кээ бир изилдөөчүлөр роман-эссени көркөм-документалдуу прозага кийиришет, ал эми көпчүлүгү роман-эсседен көркөм-публицистикалык прозаны көрүшөт, роман-эссе эркин формага жана композицияга ээ болгон, автордун акыркы чындыкка талаптанбаган субъективдүү пикирин билдирген публицистикалык, документалдуу жана илимий жанрлардын чегинде турган жанр болуп саналат (1-бөлүм, 2 бөлүмчөлөр).

**3-жыйынтык.** Абдулхай Алдашевдин эссеистикасы - «Жертөлөдө ой толгоо» (1997), «Казат селинде» (1998), «Өх, бүттүкпү» (2001) роман-эсселери тийиштүү деңгээлде комплекстүү илимий изилдөөгө, талдоого алынбай турат. К. Асаналиевдин, А. Бешкемпированын, О. Ибраимовдун, Б. Шамшиевдин макала, эскерүүлөрүндө калемгер тууралуку ойлор айтылса дагы, бул чакан тизме аталган автордун руханий-баалуулуктук, адептик-этикалык мааниси зор үчилтигин изилдөө иши жакшылап колго алына электигин айкын көрсөтөт (1-бап, 1.2-параграф).

**4-жыйынтык.** Абдулхай Алдашев роман-эсселеринде өздүк рефлексияны да, интерпретацияны да, проблематизацияны да колдонот. Ал башкалардын тажрыйбасына кайрылып, өздүк андаштыруу (рефлексия) жасайт, анан аны түшүндүрүп чечмелейт (интерпретация), мындан соң турмуштук процесстерге карата жеке субъективдүү ойлорун, инновациялык тажрыйбасын билдирет (1-бап, 1.3-параграф).

**5-жыйынтык.** Иштин негизги объектисин кыргыздын белгилүү жазуучусу Абдулхай Алдашевдин калеминен жаралган роман-эсселердин - «Жертөлөдө ой толгоонун», «Казат селинденин», «Өх, бүттүкпүнүн» - негизги, канондук тексттери түзүшөт (1-бап, 1.4-параграф).

**6-жыйынтык.** Изилдөөнүн негизги предметин көрүнүктүү жазуучу Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну, үчилтикке кирген роман-эсселерде чагылтылган жана ачылып берилген жалпы адамзаттык баалуулуктар түзүп турат (2-бап, 2.1-параграф).

**7-жыйынтык.** Изилдөөнүн теориялык-методологиялык базасын окумуштуулар-изилдөөчүлөр А. А. Алексеевдин, Н. А. Аничкинанын, В. И. Березкинанын, Н. И. Бушманованын, С. А. Гарушьяндын ж.б., ошондой эле чет элдик окумуштуулар Т. Адорнонун, Г. Гуддун, Д. Друэринин ж.б. дүйнөлүк адабияттагы эссе теориясына багышталган, эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе түшүнүктөрү ар тараптуу иликтенген илимий эмгектери, мындан тышкары кыргыз окумуштуулары К. Асаналиевдин, А. Бешкемпированын, О. Ибраимовдун, Б. Шамшиевдин Абдулхай Алдашевдин аталган үчилтигине байланыштуу жасаган илимий талдоолору түзөт. Изилдөөнүн натыйжаларынын илимий жактан ишеничтүүлүгү материалды комплекстүү мамиленин негизинде кеңири талдоо менен камсыздалат, анда биографиялык, салыштырма-тарыхый, сыпаттама-талдоочулук жана баалуулуктук усулдар айкалыша колдонулат (2-бап, 2.2-параграф).

8-жыйынтык. Абдулхай Алдашевдин үчилтигинде эң биринчи эле Жаратканды бийик баалуулук катары карайт, Кудайдын ырайымынан үмүт эте турганын, бир гана Аллага ишене турганын билдирет. Мындан биз анын баалуулуктук тутумунда негизги орунду Жараткан ээлей турганын билебиз (2-бап, 2.3-параграф).

9-жыйынтык. Абдулхай Алдашев өз үчилтигинде өмүр-өлүм баалуулуктук дихотомиясына өзгөчө маанилүү орун берет. Ал кан күйгөн каардуу согушка катышкан, өлүмдү тике карап, кан кечкен фронтовик катары, өмүр баалуулугунун адам баласы үчүн мааниси зор экенин, өлүм баалуулугу анын каршысында турарын, экөө дайыма катарлаш жүрүшөрүн, ушул дөөлөттөр адам жашоосунун оң-сол кырларын ачып берерин баалуулуктук аспектте терең ачууга жетишет (3-бап, 3.1-параграф).

10-жыйынтык. Абдулхай Алдашевдин эссеисттик үчилтигинде жакшылык-жамандык дихотомиясы абдан көрсөтмөлүү чагылтылат. Мунун жөнү бар, анткени чыгарма адам өмүрүн чака тыйынча көрбөгөн, адам өлүмү көнүмүшкө айланган кандуу согуш тууралуу. Ал эми согуш өзү турушу менен зор жамандык (3-бап, 3.2-параграф).

11-жыйынтык. Абдулхай Алдашевдин үчилтигине кирген роман-эсселер - «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү», - жалпы адамзаттык ар кыл баалуулуктарды тулкусуна камтыган терең аксиологиялык мазмундуу чыгармалар болуп саналат.

4. Диссертацияда чыгарылган ар бир жыйынтыктын жана корутундусунун негиздүүлүгү менен ишенимдүүлүгүнүн **деңгели:**

1-жыйынтык. А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөөдө XX кылымдын 70-80-90-жылдарында советтик окумуштуулардын изилдөөлөрүнөн тарта улуттук адабият таануудагы окумуштуулардын ой-пикирине таянуусу негиздүү.

2-жыйынтык. Эссе жанрынын адабият таанууда изилденишине жасалган теориялык серептин натыйжасында бүгүнкү күндө эссеге карата кеңири көз караштa мамиле кылуу абзел экени көрсөтүлүшү жана эссени көркөм чыгармачылыктын жанры, роман-эссе - бул азыркы романистикадагы өзгөчө кубулуш катары каралышы, роман-эссе эркин формага жана композицияга ээ болгон, автордун акыркы чындыкка талаптанбаган субъективдүү пикирин билдирген публицистикалык, документалдуу жана илимий жанрлардын чегинде турган жанр катары мүнөздөөсү ынанымдуу;

3-жыйынтык. К. Асаналиевдин «Эки нардын ортосунда» (1998), «Роман-эссенин жаралышы» (2002) деген макалаларын, А. Бешкемпированын «Алдашев Абдулхай» аттуу монографиялык мүнөздөгү портретин (2002), О. Ибраимовдун, Б. Шамшиевдин А. Алдашевдин романдарына арналгаы изилдөөлөрү аталган автордун руханий-баалуулуктук, адептик-этикалык мааниси али күнгө чейин колго алына электигин,

А.Алдашевдин чыгармачылыгын тийиштүү деңгээлде комплекстүү илимий изилдөөгө, талдоого алынбай турганын негиздейт.

**4-жыйынтык.** Изилдөө объектисине айланткан роман-эсселер өз тулкусунда чоң баалуулуктук дараметти катып жатышканы роман-эсселеринде адам тагдырын, жазмышын көркөм иликтөө, негизги кейипкер капитан Байсаловдун акыл-оюн, аң-сезимин түйшөлткөн, башын катырган ой жоруулары, акылынын, алынын жетишинче баа берүүлөрү аркылуу жүзөгө ашат. Башкача айтканда, негизги ойлор чыгармадагы каармандар аркылуу негизделет.

**5-жыйынтык** изилдөөнүн негизги объектисин так негиздей алган.

**6-жыйынтык** изилдөөнүн объектиси так аныкталган.

**7-жыйынтык** А. Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмунун изилдөөнүн методологиясы так аныкталган.

**8-жыйынтык.** А. Алдашевдин чыгармаларындагы Жараткан, өмүр-өлүм, жакшылык-жамандык, ак-кара баалуулуктарына өзгөчө маани бергенине көңүл буруусун эске алуу менен эссеисттик үчилтиги терең баалуулуктук мазмунга ээ экенин далилдеген ойлору негиздүү.

**9-жыйынтык.** Автордун өмүр баалуулугунун адам баласы үчүн мааниси зор экенин, өлүм баалуулугу анын каршысында турарын, экөө дайыма катарлаш жүрүшөрүн, ушул дөөлөттөр адам жашоосунун оң-сол кырларын ачып берерин баалуулуктук аспектте терең ачууга жетишерин ырастаган ойлору ынанымдуу.

**10-жыйынтык.** Абдулхай Алдашевдин эссеисттик үчилтигинде жакшылык-жамандык дихотомиясы абдан көрсөтмөлүү чагылтылары негиздүү фактылар менен ырасталган. Мисалы, чыгарма адам өмүрүн чака тыйынча көрбөгөн, адам өлүмү көнүмүшкө айланган кандуу согуш тууралында берилгенин, ал эми согуш өзү турушу менен зор жамандык экенин далилге алат.

**11-жыйынтык.** А. Алдашевдин чыгармаларындагы камтылган баалуулуктардын арасынан Кудай, өмүр, өлүм, жамандык, жакшылык өңдүү түбөлүктүү категорияларга орчундуу орун берилгендиктен роман-эсселер - «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү», - жалпы адамзаттык ар кыл баалуулуктарды тулкусуна камтыган терең аксиологиялык мазмундуу чыгармалар катары сүрөттөлүшү негиздүү. Себеби, ал категориялар аксиологиялык мүнөздө дешке болот.

**5. Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий жобонун жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли:**

**1-жыйынтык** жаңы болуп саналат, анткени буга чейин А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөө жөнүндө сөз болгон эмес.

**2-жыйынтык** жарым-жартылай жаңы деп эсептелет, себеби кыргыз адабиятчыларынын эссе жанры тууралында үзүл-кесил ойлору бар, бирок бул изилдөөдө эссенин изилдениши абдан кенен каралган.

**3-жыйынтык** жаңы болуп саналат, анткени кыргыз адабият таануусунда буга чейин эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе түшүнүктөрү мынчалык терең каралган эмес.

**4-жыйынтык** жарым-жартылай жаңы деп эсептелет, себеби аталган жазуучунун чыгармачылыгына арналган эмгектер бар, бирок аларда А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук аспектте изилдөөгө жетиштүү көңүл бурулган эмес.

**5-жыйынтык** толугу менен жаңы, анткени А. Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук табиятына, аны аксиологиялык өңүттө изилдөөгө буга чейин эч ким чыйыр салган эмес.

**6-жыйынтык** жаңы, себеби А. Алдашевдин эссеистикасы чынында эле баалуулуктук изилдөөнүн объектиси менен предмети боло алат.

**7-жыйынтык** жаңы деп эсептелет, А. Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмунун изилдөөнүн методологиясы туура аныкталган.

**8-жыйынтык** толук жаңы, анткени А. Алдашевдин эссеисттик үчилтиги терең баалуулуктук мазмунга ээ экени далилденген, автор Жараткан, өмүр-өлүм, жакшылык-жамандык, ак-кара баалуулуктарына өзгөчө маани бергени ачылган.

**9-жыйынтык** жаңы, анткени изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери туура сыпатталган.

10-жыйынтык жаңы, себеби изилдөөнүн объектиси, предмети, методологиясы туура талданган.

**11-жыйынтык** жаңы, анткени эссе теориясынын өнүгүүсү, А. Алдашевдин чыгармачылыгынын изилдениши, аталган автордун үчилтигинин эссеисттик мазмуну боюнча мындай тыянактар жасала жана кыргыз адабиятындагы эссеистиканы изилдөө жаатында ушул өңдүү сунуштар бериле элек болчу.

**6. Изилдөөнүн ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманын, теориялык жана прикладдык милдеттерин ишке ашыруу аркалуу чыккан натыйжаларды баалоо:**

Изденүүчү Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын илимий ишиндеги жоболор кыргыз адабият таануусунда жаңы өнүгүп жаткан багытты изилдөө менен аныкталган. Теориялык жактан батыш, орус жана ата мекендик илимпоздордун эмгектерине таянган. Диссертациялык иш бир бүтүндүккө бириктирилген илимий тажрыйбаларды камтыйт. Алынган жыйынтыктары жана практикалык сунуштары теориялык жоболордун негизинде түзүлгөн. Изилдөөнүн натыйжалары диссертанттын адабият таануу тармагына кошкон жеке салымын көрсөтүп турат. Изилдөөдө колдонулган усулдар максатка ылайыктуу тандалган.

**7. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси:**

Иштин жыйынтыктары кыргыз адабият таануусу боюнча илимий иштерде жана окуу курстарында, XX кылымдагы кыргыз адабияты боюнча

атайын курста колдонула алат. Ошондой эле ЖОЖдордо Абдулхай Алдашевдин чыгармачылык өнөрканасын, айталы, роман-эсселерин тереңдетип окутуп-үйрөтүү процессинде колдонулат. Мындан сырткары, кыргыз профессионал жазма адабияты боюнча окуу басылмаларын, окуу китептерин, окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланылат. Мындан сырткары иштин аягында кыргыз профессионал жазма адабиятынын үлгүлөрү, кыргыз жазуучуларынын көркөм туундулары боюнча төмөнкүдөй темаларда изилдөөлөрдү жасоого болот:

1. Кыргыз романистикасында эссеисттик багыттын түптөлүшү жана өнүгүшү.
2. Кыргыз прозасындагы повесть жанрында эссеисттик тажрыйбалардын орун алуусу.
3. Кыргыз аңгеме жанрындагы эссеисттик маанайдагы көркөм туундулар.
4. Мукай Элебаевдин «Узак жол» романынын эссеисттик мазмуну.
5. Түгөлбай Сыдыкбековдун эссеисттик тажрыйбалары: «Жол» автобиографиялык романынын, «Бел-белес» роман-эссесинин мисалында.
6. Кубатбек Жусубалиевдин «Муздак дубалдар» «Сүйүүм менин чымчык болуп сага учат» романдарынын эссеисттик табияты.
7. Чыңгыз Айтматовдун «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» романдарындагы эссеисттик ой толгоолор.
8. Өскөн Даникеевдин «Арман» роман-эссесинин баалуулуктар тутуму.
9. Аман Саспаевдин «Шашкедеги кара туман» романынын эссеисттик мүнөзү.
10. Шайлообек Дүйшеевдин «Агындылар» эссесинин моралдык-этикалык, руханий-баалуулуктук мазмуну - деген практикалык сунуштамаларды да бере алат.

**8. Диссертациянын негизги жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгын тастыктоо**

Дпссертациялык иштин негизги мазмуну автордун илимий журналдарда жарыяланган 10 (он) макаласында чагылдырылган. РИНЦ системасына кирген журналдарга жарык көргөн макалалардын саны 2 (эки).

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**10. Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү**

Диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү уюм катары 10.01.01 - кыргыз адабияты

адистиги боюнча илимий адистиги бар К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин Кыргыз адабият жана окутуунун технологиясы кафедрасын сунуш кылат.

**Биринчи расмий оппонент катары** изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: Кыргыз повесттериндеги подтекст проблемасы (50-60-жылдар). - Б., 1999, - Монография; 1960-жылдан кийинки Кыргыз адабияты (обзордук макала) // Китепте: Түрк дүйнөсүнүн адабият тарыхы. 9-том, - Анкара, 2007. №1. - 65-68-б.; Адабий кырдаал жана көркөмдүк жаңылапуулар. Монография. - Б., 2009. - 420 б., филология илимдеринин доктору **Кадырманбетова Айнура Күмөновнаны** (автореферат боюнча шифры 10.01.01) сунуш кылат.

**Экинчи расмий оппонент катары** изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: Кыргыз аңгемесинин поэтикасы: сюжет жана композиция маселелери. Канд. Дисс. автореф.. - Б., 1995, - 23 бет; С.Раевдин роман-метафорасы // Азия Ньюс. - 2019. - 9-октябрь; Бейшебай Усубалиев адам табиятын терең изидеген жазуучу // Азия Ньюс. - 2019. - 5-май; филология илимдеринин кандидаты, доцент **Медетов Аскар Советовичти** (автореферат боюнча шифры 10.01.01) сунуш кылат.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин доктору Тиллебаев Садык Алаханович сунуш кылынган ишти карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражаны коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.18.575 диссертациялык кеңешине 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну" деген темадагы диссертациясын коргоого сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиаиын мүчөсү**
**филология илимдеринин доктору** С.А.Тиллебаев

Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** Н. Т. Ыйсаева

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.18.575 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, ф.и.д. Мамбеталиев Кубан Ильясовичтин 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга берилген Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну" деген темадагы диссертациясына**

## КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке дал келиши**

Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну" деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 10.01.01 - кыргыз адабияты адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмунуна, анын тематикасына, проблематикасына, пафосуна комплекстүү түрдө илимий изилдөө жүргүзүлөт.

Иштин **максаты** катары Абдулхай Алдашевдин документалдуу трилогиясынын («Жертөлөдө ой толгоо» (1997), «Казат селинде» (1998), «Өх, бүттүкпү» (2001) материалында анын эссеистикасынын баалуулуктук мазмунуна комплекстүү талдоону карайт. Жазуучунун эссе табияттуу, эссеисттик маанайдагы романдарын адабий талдоого алуу аркылуу диссертант ал чыгармалардагы жалпы адамзаттык маанилүү баалуулуктарды ачып, мунун негизинде анын романдарынын баалуулуктук мазмунун айкындоону максат кылган.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

1. Дүйнөлүк адабияттагы эссе жанрынын изилденишине сереп жасоо;
2. Эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе түшүнүктөрүнө мүнөздөмө берүү;
3. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын изилденишине сереп жасоо;
4. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөө зарылдыгын аныктоо;
5. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн объектисин жана предметин аныктоо;
6. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн методологиясын сыпаттоо;

7. Абдулхай Алдашевдин эссеисттик үчилтигинин баалуулуктук мазмунун ачуу;

8. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн илимий-теориялык негиздерин талдоонун натыйжаларын сыпаттоо;

9. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн объектисин, предметин жана методологиясын иликтөөнүн натыйжаларын сыпаттоо;

10. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын талдоонун негизинде изилдөөнүн жаңы багыттары тууралуу практикалык сунуштарды берүү.

Диссертацияда аксиологиянын категорияларын айкалыштыруу менен адабият таануунун биографиялык, тарыхый-адабий, салыштырма-тарыхый теориялык усулдары колдонулган.

Бул 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына туура келет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**

Абдулхай Алдашевдин эссе жанрындагы ишмердүүлүгүнүн кыргыз адабиятындагы ордун, анын тематикасын, проблематикасын, баалуулуктук мазмунун, чагылтылган баалуулуктар тутумун биринчи жолу комплекстүү илимий талдоого алууда жатат. Ошондой эле иште эссеистиканын тарыхы, эссе жанрынын теориясы боюнча зарыл илимий-теориялык сереп жасалган. Буга чейин эссе жанрынын теориясын конкреттүү жазуучунун эссеисттик туундуларына байланыштырып изилдөө болгон эмес. Ушул жагдайларга карап, изденүүчү тарабынан аткарылган илимий изилдөө актуалдуу жана өз убактысында деп корутундулоого болот.

**3. Илимий жыйынтыктар**

Диссертациялык иште кыргыз адабият таануу тармагынын өнүгүшү үчүн маанилүү болгон төмөндөгүдөй илимий жыйынтыктар жасалган:

1-жыйынтык. Дүйнөлүк адабияттагы эссе жанрынын илимий-теориялык аңдаштырылышы XX кылымдын 70-80-90-жылдарында советтик окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө эссе жанрынын теориясынын жалпы жоболорун ар башка улуттук адабияттардын материалдарына жана жеке авторлордун чыгармачылыктарына карата ыңгайлаштырып колдонушкан, бул эссе теориясынын андан ары тереңдөөсүнө, күчтөнүүсүнө түрткү болгон (1-бөлүм, 1- бөлүмчөлөр).

**2-жыйынтык.** Эссе - көркөм чыгармачылыктын жанры, эссеистика - турмуш чындыгын таанып билүүнүн усулу, эссе - турмуштук материалды уюштуруунун формасы, ал эми эссеистика - турмуш чындыгынын мазмунун чагылдырган чыгармачылык ишмердүүлүктөгү кубулуш; роман-эссе - бул азыркы романистикадагы өзгөчө кубулуш, кээ бир изилдөөчүлөр роман-эссени көркөм-документалдуу прозага кийиришет, ал эми көпчүлүгү роман-эсседен көркөм-публицистикалык прозаны көрүшөт, роман-эссе эркин формага жана композицияга ээ болгон, автордун акыркы чындыкка

талаптанбаган субъективдүү пикирин билдирген публицистикалык, документалдуу жана илимий жанрлардын чегинде турган жанр болуп саналат (1-бөлүм, 2 бөлүмчөлөр).

**3-жыйынтык.** Абдулхай Алдашевдин эссеистикасы - «Жертөлөдө ой толгоо» (1997), «Казат селинде» (1998), «Өх, бүттүкпү» (2001) роман-эсселеринен турган үчилтиги - тийиштүү деңгээлде комплекстүү илимий изилдөөгө, талдоого алынбай турат (1-бап, 1.2-параграф).

**4-жыйынтык.** Абдулхай Алдашевдин роман-эсселеринде адам тагдырын, жазмышын көркөм иликтөө, негизги кейипкер капитан Байсаловдун акыл-оюн, аң-сезимин түйшөлткөн, башын катырган ой жоруулары, акылынын, алынын жетишинче баа берүүлөрү аркылуу жүзөгө ашат. Бул биз изилдөө объектисине айланткан роман-эсселер өз тулкусунда чоң баалуулуктук дараметти катып жатышканын күбөлөндүрөт. Автор өзүнүн роман-эсселеринде өздүк рефлексияны да, интерпретацияны да, проблематизацияны да колдонот. Ал башкалардын тажрыйбасына кайрылып, өздүк аңдаштыруу (рефлексия) жасайт, анан аны түшүндүрүп чечмелейт (интерпретация), мындан соң турмуштук процесстерге карата жеке субъективдүү ойлорун, инновациялык тажрыйбасын билдирет (1-бап, 1.3-параграф).

**5-жыйынтык.** Диссертациянын негизги объектисин кыргыздын белгилүү жазуучусу Абдулхай Алдашевдин каleминен жаралган роман-эсселери, Алдашевдин чыгармачылык ишмердүүлүгүнө байланыштуу жазылган азгантай эмгектерди да илимий булак катары пайдаланып, ылайыгына жараша изилдөө объектисине кирет (1-бап, 1.4-параграф).

**6-жыйынтык.** Изилдөөнүн негизги предметин көрүнүктүү жазуучу Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну, үчилтикке кирген роман-эсселерде чагылтылган жана ачылып берилген жалпы адамзаттык баалуулуктар түзүп турат (2-бап, 2.1-параграф).

**7-жыйынтык.** А. Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмунун изилдөөнүн методологиясы сыпатталат (2-бап, 2.2-параграф).

**8-жыйынтык.** А.Алдашев өзүнүн роман-эсселеринде кудурети күчтүү Кудайды өз кейипкеринин ой толгоолорунун башкы субъектисине, анын кыйын-кысталаң кырдаалдардагы маектешине, башкысы, адам турмушундагы бийик баалуулукка айлантат (2-бап, 2.3-параграф).

**9-жыйынтык.** Абдулхай Алдашев өз үчилтигинде өмүр-өлүм баалуулуктук дихотомиясына өзгөчө маанилүү орун берет (3-бап, 3.1-параграф).

**10-жыйынтык.** Абдулхай Алдашевдин эссеисттик үчилтигинде жакшылык-жамандык дихотомиясы абдан көрсөтмөлүү чагылтылат (3-бап, 3.2-параграф).

**11-жыйынтык.** Абдулхай Алдашевдин үчилтигине кирген роман-эсселер - «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү», - жалпы адамзаттык ар кыл баалуулуктарды тулкусуна камтыган терең аксиологиялык мазмундуу чыгармалар болуп саналат.

**4. Диссертацияда чыгарылган ар бир жыйынтыктын жана корутундусунун негиздүүлүгү менен ишенимдүүлүгүнүн деңгели:**

**1-жыйынтык.** А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөөдө XX кылымдын 70-80-90-жылдарында советтик окумуштуулардын изилдөөлөрүнөн тарта улуттук адабият таануудагы окумуштуулардын ой-пикирине таянуусу негиздүү.

**2-жыйынтык.** Эссе жанрынын адабият таануда изилденишине жасалган теориялык серептин натыйжасында бүгүнкү күндө эссеге карата кеңири көз караштa мамиле кылуу абзел экени көрсөтүлүшү жана эссени көркөм чыгармачылыктын жанры, роман-эссе – бул азыркы романистикадагы өзгөчө кубулуш катары карашы, көпчүлүгү роман-эсседен көркөм-публицистикалык прозаны көрүшөт, роман-эссе эркин формага жана композицияга ээ болгон, автордун акыркы чындыкка талаптанбаган субъективдүү пикирин билдирген публицистикалык, документалдуу жана илимий жанрлардын чегинде турган жанр катары мүнөздөөсү ынанымдуу;

**3-жыйынтык.** К. Асаналиевдин «Эки нардын ортосунда» (1998), «Роман-эссенин жаралышы» (2002) деген макалаларын, А. Бешкемпированын «Алдашев Абдулхай» аттуу монографиялык мүнөздөгү портретин (2002), О. Ибраимовдун, Б. Шамшиевдин А. Алдашевдин романдарына арналган изилдөөлөрү аталган автордун руханий-баалуулуктук, адептик-этикалык мааниси али күнгө чейин колго алына электигин, А.Алдашевдин чыгармачылыгын тийиштүү деңгээлде комплекстүү илимий изилдөөгө, талдоого алынбай турганын негиздейт.

4-жыйынтык. Изилдөө объектисине айланткан роман-эсселер өз тулкусунда чоң баалуулуктук дараметти катып жатышканы роман-эсселеринде адам тагдырын, жазмышын көркөм иликтөө, негизги кейипкер капитан Байсаловдун акыл-оюн, аң-сезимин түйшөлткөн, башын катырган ой жоруулары, акылынын, алынын жетишинче баа берүүлөрү аркылуу жүзөгө ашат. Башкача айтканда, негизги ойлор чыгармадагы каармандар аркылуу негизделет.

**5-6-7-жыйынтык** изилдөөнүн негизги объектисин, предметин, А. Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмунун изилдөөнүн методологиясын кайрадан аныктап берүүнүн зарылдыгы жок. Бул иштин кириш бөлүгүндө жазылган.

**8-жыйынтык.** А. Алдашевдин өзүнүн эссеисттик ой жорууларында Жараткан, өмүр-өлүм, жакшылык-жамандык, ак-кара баалуулуктарына өзгөчө маани бергенине көңүл буруусун эске алуу менен эссеисттик үчилтиги терең баалуулуктук мазмунга ээ экенин далилдеген ойлору негиздүү.

**9-жыйынтык.** Автордун өмүр баалуулугунун адам баласы үчүн мааниси зор экенин, өлүм баалуулугу анын каршысында турарын, экөө дайыма катарлаш жүрүшөрүн, ушул дөөлөттөр адам жашоосунун оң-сол

кырларын ачып берерин баалуулуктук аспектте терең ачууга жетишерин ырастаган ойлору ынанымдуу.

**10-жыйынтык.** Абдулхай Алдашевдин эссеисттик үчилтигинде жакшылык-жамандык дихотомиясы абдан көрсөтмөлүү чагылтылары негиздүү фактылар менен ырасталган. Мисалы, чыгарма адам өмүрүн чака тыйынча көрбөгөн, адам өлүмү көнүмүшкө айланган кандуу согуш туурасында берилгенин, ал эми согуш өзү турушу менен зор жамандык экенин далилге алат.

**11-жыйынтык.** А. Алдашевдин чыгармаларындагы камтылган баалуулуктардын арасынан Кудай, өмүр, өлүм, жамандык, жакшылык өңдүү түбөлүктүү категорияларга орчундуу орун берилгендиктен роман-эсселер - «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү», - жалпы адамзаттык ар кыл баалуулуктарды тулкусуна камтыган терең аксиологиялык мазмундуу чыгармалар катары сүрөттөлүшү негиздүү. Себеби, ал категориялар аксиологиялык мүнөздө дешке болот.

**5. Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий жобонун жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли:**

1-жыйынтык жаңы болуп саналат, анткени буга чейин А.Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөө жөнүндө сөз болгон эмес.

**2-жыйынтык** жарым-жартылай жаңы деп эсептелет, себеби кыргыз адабиятчыларынын эссе жанры туурасында үзүл-кесил ойлору бар, бирок бул изилдөөдө эссенин изилдениши абдан кенен каралган.

3-жыйынтык жаңы болуп саналат, анткени кыргыз адабият таануусунда буга чейин эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе түшүнүктөрү мынчалык терең каралган эмес.

**4-жыйынтык** жарым-жартылай жаңы деп эсептелет, себеби аталган жазуучунун чыгармачылыгына арналган эмгектер бар, бирок аларда А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук аспектте изилдөөгө жетиштүү көңүл бурулган эмес.

**5-жыйынтык** толугу менен жаңы, анткени А. Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук табиятына, аны аксиологиялык өңүттө изилдөөгө буга чейин эч ким чыйыр салган эмес.

6-жыйынтык жаңы, себеби А. Алдашевдин эссеистикасы чынында эле баалуулуктук изилдөөнүн объектиси менен предмети боло алат.

**7-жыйынтык** жаңы деп эсептелет, А. Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмунун изилдөөнүн методологиясы туура аныкталган.

**8-жыйынтык** толук жаңы, анткени А. Алдашевдин эссеисттик үчилтиги терең баалуулуктук мазмунга ээ экени далилденген, автор Жараткан, өмүр-өлүм, жакшылык-жамандык, ак-кара баалуулуктарына өзгөчө маани бергени ачылган.

**9-жыйынтык** жаңы, анткени изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери туура сыпатталган.

**10-жыйынтык** жаңы, себеби изилдөөнүн объектиси, предмети, методологиясы туура талданган.

**11-жыйынтык** жаңы, анткени эссе теориясынын өнүгүүсү, А. Алдашевдин чыгармачылыгынын изилдениши, аталган автордун үчилтигинин эссеисттик мазмуну боюнча мындай тыянактар жасала жана кыргыз адабиятындагы эссеистиканы изилдөө жаатында ушул өңдүү сунуштар бериле элек болчу.

**6. Изилдөөнүн ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманын, теориялык жана прикладдык милдеттерин ишке ашыруу аркалуу чыккан натыйжаларды баалоо:**

Изденүүчү Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын илимий ишиндеги жоболор кыргыз адабият таануусунда жаңы өнүгүп жаткан багытты изилдөө менен аныкталган. Теориялык жактан батыш, орус жана ата мекендик илимпоздордун эмгектерине таянган. Диссертациялык иш бир бүтүндүккө бириктирилген илимий тажрыйбаларды камтыйт. Алынган жыйынтыктары жана практикалык сунуштары теориялык жоболордун негизинде түзүлгөн. Изилдөөнүн натыйжалары диссертанттын адабият таануу тармагына кошкон жеке салымын көрсөтүп турат. Изилдөөдө колдонулган усулдар максатка ылайыктуу тандалган.

**7. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси:**

Иштин жыйынтыктары кыргыз адабият таануусу боюнча илимий иштерде жана окуу курстарында, XX кылымдагы кыргыз адабияты боюнча атайын курста колдонула алат. Ошондой эле ЖОЖдордо Абдулхай Алдашевдин чыгармачылык өнөрканасын, айталы, роман-эсселерин тереңдетип окутуп-үйрөтүү процессинде колдонулат. Мындан сырткары, кыргыз профессионал жазма адабияты боюнча окуу басылмаларын, окуу китептерин, окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланылат.

**8. Диссертациянын негизги жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгын тастыктоо**

Диссертациялык иштин негизги мазмуну автордун төмөнкү эмгектеринде жарыяланган:

1. Токтомаметова, Ж. А. Ценностное значение эссеистической трилогии А. Алдашева [Текст] / Ж. А. Токтомаметова // Инновационные тенденции развития российской науки. Материалы VIII Международной научно-практической конференции молодых ученых. - Красноярск, 2015. - С.381-384.

2. Токтомаметова, Ж. А. «Жер төлөдө ой толгоо» роман-эссесинин баалуулуктук мазмуну [Текст] / Ж. А. Токтомаметова // II Халыкаралык түрки алеми зерттеулери симпозиумы материалдары. I том. 20-22 мамыр. - Алматы,2015. – 513-517-б.

3. Токтомаметова, Ж. А. Эссеистическая манера изложения в романе «Думы в блиндаже» А. Алдашева [Текст] / Ж. А. Токтомаметова // Проблемы

лингвистики, методики обучения иностранным языкам и литературоведения в свете межкультурной коммуникации. Материалы I Международной научно-практической Интернет-конференции. 14-16 апреля 2016 г. - Орел, 2016. - С. 256-260. https://elibrary.ru/download/elibrary _26414030 58542764.pdf

4. Токтомаметова, Ж. А. Капитан Байсалов тутунган баалуулуктар [Текст] / Ж. А. Токтомаметова // С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы. - 2016. – №4. – 223-225-б.

5. Токтомаметова, Ж. А. Эссе жанрынын калыптануусу жөнүндө [Текст] / Ж. А. Токтомаметова // С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы. - 2018. – №2. –36-41-б.

6. Токтомаметова, Ж. А. Азыркы адабият таануудагы эссе жанрынын орду [Текст] / Ж. А. Токтомаметова // С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы. - 2018. - №2. - 41-48-б.

7. Токтомаметова, Ж. А. Описание в ценностном аспекте в романах-эссе Абдулхая Алдашева дихотомии жизни и смерти [Текст] / Ж. А. Токтомаметова, А. С. Жантаев // Актуальные проблемы социально-гуманитарного и научно-технического знания. Научный электронный альманах. - 2018. - № 3 (15). - С. 19-20. https://elibrary.ru/download/elibrary_36767924_76850106.pdf

8. Токтомаметова, Ж. А. Методология ценностного исследования эссеистики Абдулхая Алдашева [Текст] / Ж. А. Токтомаметова // Актуальные проблемы социально-гуманитарного и научно-технического знания. Научный электронный альманах. - 2018. - № 3 (15). - С.21-23. https://elibrary.ru/download/elibrary_36767925_31373574.pdf

9. Токтомаметова, Ж. А. Раскрытие в ценностном аспекте дихотомии добро и зло в романах-эссе Абдулхая Алдашева [Текст] / Ж. А. Токтомаметова // Духовная ситуация времени. Россия XXI век. Электронный журнал. – 2018. - №3. С.6-8. https://elibrary.ru/download/elibrary_36518237_71052071.pdf

10. Токтомаметова, Ж. А. Бог в качестве наивысшей ценности в романах-эссе Абдулхая Алдашева [Текст] / Ж. А. Токтомаметова, А. С. Жантаев // Духовная ситуация времени. Россия XXI век. Электронный журнал. 2018. - №3. С.5-7. https://elibrary.ru/download/elibrary_37041167_97688424.pdf

**9. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Автореферattын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**10. Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү**

Диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча илимий адистиги бар И.Арабаев атындагы Кыргыз

мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты жана окутуунун технологиясы кафедрасын сунуш кылат.

**Биринчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: Кыргыз повесттериндеги подтекст проблемасы (50-60-жылдар). - Бишкек, 1999, - монография; 1960-жылдан кийинки Кыргыз адабияты (озордук макала) //Китепте: Түрк дүнүйөсүнүн адабият тарыхы. 9-том. - Анкара, 2007. - 657-662-б.; 50-60-жылдардагы адабий кырдаал жана көркөмдүк жаңылануу //Илимий жыйнакта: Адабият жана искусство маселелери. - Бишкек, 2007. - №1. - 65-68-б.; Адабий кырдаал жана көркөмдүк жаңылануулар. Монография. - Бишкек, 2009. - 420-б., филология илимдеринин доктору **Кадырманбетова Айнура Күмөнөвнаны** (автореферат боюнча шифры 10.01.01), **экинчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: Кыргыз аңгемесиинин поэтикасы: сюжет жана композиция маселелери. Канд. Дисс. Автореф. - Бишкек, 1995. - 23 бет; Султан Раевдин роман-метафорасы. // Азия Ньюс. - 2019. - 9-октябрь; Бейшебай Усубалиев адам табиятын терең изилдеген жазуучу. // Азия Ньюс. - 2019. - 5-май., филология илимдеринин кандидаты, доцент **Медетов Аскар Советовичти** (автореферат боюнча шифры 10.01.01) сунуш кылат.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин доктору Мамбеталиев Кубан Ильясович сунуш кылынган ишти карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражаны коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.18.575 диссертациялык кеңешине 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну" деген темадагы диссертациясын коргоого сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**филология илимдеринин доктору** К. И. Мамбеталиев

Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу**
**катчысы, ф.и.к.** Н. Т. Ыйсаева

**Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган диссертацияларды коргоо боюнча тузулгон Д.10.18.575 диссертациялык кенешке келип тушкон 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу учун жазылган Токтомаметова Жазгул Асылбековнанын "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну" деген темадагы диссертациясына эксперттик комиссиясынын мучосу, ф.и.к. Сабитова Элмира Сагындыковнанын**

**КОРУТУНДУСУ**

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл** алуу укугу **берилген адистикке дал келиши.** Ж.А.Токтомаметова тарабынан берилген "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну" деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 10.01.01-кыргыз адабияты адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү улуттук адабияттаануунун тарыхый өнүгүүсүнүн фонунда кыргыз адабиятындагы эссе жанрынын, тематикасынын, проблематикасын баалуулук мазмуну Абдулхай Алдашевдин чыгармачылык мурастарынын мисалында тарыхый-теориялык багытта изилдөөлөр жүргүзүлөт.

Иштин **максаты** катары адабияттагы эссе жанрынын табиятын талдоо менен Абдулхай Алдашевдин документалдуу трилогиясынын («Казат селинде» (1997), «Жертөлөдө өткөн күн» (1998), «Өх, бүттүкпү» (2001)) материалында анын эссеистикасынын баалуулуктук мазмунуна комплекстүү талдоо жүргүзүүнү пландайт. Бул максатты иш жүзүнө ашырууда бир нече **милдеттерди** алдына койгон:

1. Дүйнөлүк адабияттагы эссе жанрынын изилденишине сереп жасоо;
2. Эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе түшүнүктөрүнө мүнөздөмө берүү;
3. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын изилденишине сереп жасоо;
4. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөө зарылдыгын аныктоо;
5. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн методологиясын сыпаттоо ж.б. Иштин максатына ылайык белгиленген милдеттер негиздүү дешке болот.

Диссертациянын изилдөө объектиси катары кыргыздын белгилүү жазуучусу Абдулхай Алдашевдин калеминен жаралган роман-эсселери - «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү» белгиленген.

Изилдөөнүн методдору катары жалпы илимий методцор анализ-синтез, тарыхый-типологиялык, тарыхый-салыштырмалуу методдору колдонулган.

Бул 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына туура келет.

2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу биринчиден, кыргыз адабият таануу илиминдеги эссе жанрынын изилдениш абалын, ордун, баалуулуктук мазмунун, тутумун биринчи жолу комплекстүү илимий талдоого алуудан, экинчиден, Абдулхай Алдашевдин роман-эсселерин жаңыча баалоо, алардын баалуулуктук мазмунун ачууга жасаган аракеттеринен көрүнөт. Демек, изденүүчү тарабынан аткарылган илимий изилдөө актуалдуу деп айтса болот.

3. Илимий жыйынтыктар:

1-жыйынтык. Дүйнөлүк адабияттагы эссе жанрынын илимий-теориялык аңдаштырылышы XX кылымдын 70-80-90-жылдарында советтик окумуштуулар В. И. Березкинанын, Н. И. Бушманованын, Е. П. Зыкованын, Л. Ф. Компанцеванын, И. В. Устинованын, М. Г. Хелаянын жана чет элдик окумуштуулар Т. Адорнонун, Г. Гуддун, Д. Друэринин ж.б. окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө эссе теориясынын жалпы жоболорун ар башка улуттук адабияттардын материалдарына жана жеке авторлордун чыгармачылыктарына карата ыңгайлаштырып колдонушкан, бул эссе теориясынын андан ары терендөөсүнө, күчтөнүүсүнө түрткү болгон. (1-бөлүм, 1.1- бөлүмчөлөр )

2-жыйынтык. Эссе - көркөм чыгармачылыктын жанры, эссеистика - турмуш чындыгын таанып билүүнүн усулу, эссе - турмуштук материалды уюштуруунун формасы, ал эми эссеистика - турмуш чындыгынын мазмунун чагылдырган чыгармачылык ишмердүүлүктөгү кубулуш; эссеизм - көркөм ишмердүүлүк процессиндеги жанрдык белги; роман-эссе - бул азыркы романистикадагы өзгөчө кубулуш, кээ бир изилдөөчүлөр роман-эссени көркөм-документалдуу прозага кийиришет, ал эми көпчүлүгү роман-эсседен көркөм-публицистикалык прозаны көрүшөт, роман-эссе эркин формага жана композицияга ээ болгон, автордун акыркы чындыкка талаптанбаган субъективдүү пикирин билдирген публицистикалык, документалдуу жана илимий жанрлардын чегинде турган жанр болуп саналат. (1-бөлүм, 1.2 бөлүмчөлөр).

3-жыйынтык. Ар түрдүү максатта жазылган К. Асаналиевдин, А. Бешкемпированын, О. Ибраимовдун, Б. Шамшиевдин изилдөөлөрү бар болсо да комплекстүү түрдө аталган автордун чыгармаларынын руханий-баалуулуктук, адептик-этикалык мааниси зор үчилтигин изилдөө иши жакшылап колго алына электигин айкын көрсөтөт. (1-бөлүм, 1.3 - 1.4 бөлүмчөлөр).

4-жыйынтык. Абдулхай Алдашевдин роман-эсселеринде адам тагдырын, жазмышын көркөм иликтөө, изилдөө негизги кейипкер капитан Байсаловдун акыл-оюн, аң-сезимин түйшөлткөн, башын катырган ой

жоруулары, акылынын, алынын жетишинче баа берүүлөрү аркылуу жүзөгө ашат. Бул биз изилдөө объектисине айланткан роман-эсселер өз тулкусунда чоң баалуулуктук дараметти катып жатышканын күбөлөндүрөт. Роман-эсселерде автор өздүк баалуулуктар тутумун, жашоодо кандай баалуулуктарды артык көрөрүн окурманга ачып берет (2-бөлүм, 1- бөлүмчө).

**5-жыйынтык.** А. Алдашев өз үчилтигинде эң биринчи эле Жаратканды өтө бийик баалуулук катары карай турганын, Кудайдын ырайымынан үмүт эте турганын, бир гана Аллага ишене турганын билдирет. Кудайды өз кейипкеринин ой толгоолорунун башкы субъектисине, анын кыйын-кысталаң кырдаалдардагы маектешине, башкысы, адам турмушундагы бийик баалуулукка айлантат (2-бөлүм, 3-бөлүмчө).

**6-жыйынтык.** Абдулхай Алдашев өз үчилтигинде өмүр-өлүм баалуулуктук дихотомиясына өзгөчө маанилүү орун берет (2-бөлүм, 3-бөлүмчө).

**7-жыйынтык.** Абдулхай Алдашевдин эссеисттик үчилтигинде жакшылык-жамандык дихотомиясы абдан көрсөтмөлүү чагылтылат (3-бөлүм, 2-бөлүмчө).

**8-жыйынтык.** Абдулхай Алдашевдин үчилтигине кирген роман-эсселер - «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү», - жалпы адамзаттык ар кыл баалуулуктарды тулкусуна камтыган терең аксиологиялык мазмундуу чыгармалар болуп саналат (3-бөлүм, 2-бөлүмчө).

**4. Диссертацияда чыгарылган ар бир жыйынтыктын жана корутундусунун негиздүүлүгү менен ишенимдүүлүгүнүн деңгели:**

**1-жыйынтык.** Дүйнөлүк адабият таануда окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө эссе жанрынын теориясынын жалпы жоболоруна ар башка улуттук адабияттардын материалдарына жана жеке авторлордун чыгармачылыктарына карата ыңгайлаштырып колдонушкан изилдөөлөр эссе жанрынын теориялык негизин түзгөндүгү анык.

**2-жыйынтык.** Эссе - көркөм чыгармачылыктын жанры, роман-эссе эркин формага жана композицияга ээ болгон, автордун акыркы чындыкка талаптанбаган субъективдүү пикирин билдирген публицистикалык, документалдуу жана илимий жанрлардын чегинде турган жанр катары мүнөздөшү негиздүү. Себеби, роман-эссе - бул азыркы романистикадагы өзгөчө кубулуш анда көркөм-документалдуу, көркөм-публицистикалык прозанын элементтери да кездешет.

**3-жыйынтык.** Ар түрдүү максатта жазылган К. Асаналиевдин, А. Бешкемпированын, О. Ибраимовдун, Б. Шамшиевдин изилдөөлөрү бар болсо да комплекстүү түрдө аталган автордун чыгармаларынын руханий-баалуулуктук, адептик-этикалык мааниси зор үчилтигин изилдөө иши жакшылап колго алына электиги негиздүү. Жогорудагы эмгектерде А. Алдашевдин роман-эсселеринен турган үчилтиги максаттуу түрдө, комплекстүү илимий изилдөөгө, талдоого алынган эмес.

**4-жыйынтык.** Абдулхай Алдашевдин роман-эсселеринде адам тагдырын, жазмышын көркөм иликтөө, изилдөө негизги кейипкерлердин акыл-оюн, аң-сезимин түйшөлткөн, башын катырган ой жоруулары, акылынын, алынын жетишинче баа берүүлөрү аркылуу жүзөгө ашат. Демек, анын үчилтик роман-эсселерин баалуулуктук аспекттен изилдөөнүн негиздүүлүгү эч кандай күмөн жаратпайт.

**5-жыйынтык.** А. Алдашев өз үчилтигинде эң биринчи эле Жаратканды өтө бийик баалуулук катары карай турганын билдирген ойлору ынанымдуу. Себеби, кудайды өз кейипкеринин ой толгоолорунун башкы субъектисине, анын кыйын-кысталаң кырдаалдардагы маектешине, башкысы, адам турмушундагы бийик баалуулукка айланта алат.

**6-жыйынтык.** Абдулхай Алдашев өз үчилтигинде өмүр-өлүм баалуулуктук дихотомиясына өзгөчө маанилүү орун берилери кан күйгөн каардуу согушка катышкан, өлүмдү тике карап, кан кечкен фронтовик катары, өмүр баалуулугунун адам баласы үчүн мааниси зор экенин, өлүм баалуулугу анын каршысында турарын ушул дөөлөттөр адам жашоосунун негизи катары сүрөттөшү негиздүү.

**7-жыйынтык.** Абдулхай Алдашевдин эссеисттик үчилтигинде жакшылык-жамандык дихотомиясы абдан көрсөтмөлүү чагыла турганын чыгарма адам өмүрүн чака тыйынча көрбөгөн, адам өлүмү көнүмүшкө айланган кандуу согуш тууралы, ал эми согуш өзү турушу менен зор жамандык экендиги менен ырастайт. (3-бөлүм, 2-бөлүмчө).

**8-жыйынтык.** Абдулхай Алдашевдин үчилтигине кирген роман-эсселер - «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү», - жалпы адамзаттык ар кыл баалуулуктарды тулкусуна камтыган терең аксиологиялык мазмундуу чыгармалар болуп саналат деген пикирин анда камтылган баалуулуктардын арасынан Кудай, өмүр, өлүм, жамандык, жакшылык өңдүү түбөлүктүү категорияларга орчундууталдоо менен негиздейт. (3-бөлүм, 2-бөлүмчө).

**5. Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий жобонун жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли:**

**1-жыйынтык** жарым жартылай жаңы. Себеби, диссертант белгилегендей, дүйнөлүк адабият таануда, орус адабият таануусунда эссе жанрынын теориясынын жалпы жоболору такталган. Жаңычылдыгы улуттук адабият таануунун ас пектисинде талдоого алганында көрүнөт.

**2-жыйынтык** жаңы деп атоого болот. Анда роман-эссе эркин формага жана композицияга ээ болгон, автордун акыркы чындыкка талаптанбаган субъективдүү пикирин билдирген публицистикалык, документалдуу жана илимий жанрлардын чегинде турган жанр экендиги белгиленет.

**3-жыйынтык** жарым жартылай жаңы. Жогорудагы эмгектерде эссе жанрынын мүнөзү айтылган, бирок, А.Алдашевдин ишке объект болуусун жаңычылдык катары кароого болот.

**4-жыйынтык** жаңы дешке болот. Себеби, Абдулхай Алдашевдин роман-эсселериндеги дөөлөттүк аспект алгач ирет илим объектисине айланып олтурат.

**5-6-7-жыйынтыктар** жаңы. А.Алдашевдин үчилтигинде эң биринчи эле Жаратканды өтө бийик баалуулук катары карай турганы, Кудайдын ырайымынан үмүт эте турганы, бир гана Аллага ишене турганы, өмүр-өлүм баалуулуктук дихотомиясына маанилүү орунда турары, жакшылык-жамандык дихотомиясы абдан көрсөтмөлүү экендиги б.а. баалуулуктук мүнөзү алгач иликтенип жатат.

**8-жыйынтык** жаңы. Автордун аталган роман-эсселери жалпы адамзаттык ар кыл баалуулуктарды тулкусуна камтыган терең аксиологиялык чыгарма катары талдоого алынат.

**6. Изилдөөнүн ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманын, теориялык жана прикладдык милдеттерин ишке ашыруу аркылуу чыккан натыйжаларды баалоо:**

Изденүүчү Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын илимий ишиндеги жоболор кыргыз адабият таануусунда жаңы өнүгүп жаткан багытты изилдөөгө багытталган. Теориялык жактан батыш, орус жана ата мекендик илимпоздордун эмгектерине таянган. Диссертациялык иш бир бүтүндүккө бириктирилген илимий тажрыйбаларды камтыйт. Алынган жыйынтыктары жана практикалык сунуштары теориялык жоболордун негизинде түзүлгөн. Изилдөөнүн натыйжалары диссертанттын адабият таануу тармагына кошкон жеке салымын көрсөтүп турат. Изилдөөдө колдонулган усулдар максатка ылайыктуу тандалган.

**7. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси:**

Иштин жыйынтыктары кыргыз адабият таануусу боюнча илимий иштерде жана окуу курстарында, XX кылымдагы кыргыз адабияты боюнча атайын курста колдонула алат. Ошондой эле ЖОЖдордо Абдулхай Алдашевдин чыгармачылык өнөрканасын, айталы, роман-эсселерин тереңдетип окутуп-үйрөтүү процессинде колдонулат. Мындан сырткары, кыргыз профессионал жазма адабияты боюнча окуу басылмаларын, окуу китептерин, окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланылат.

**8. Диссертациянын негизги жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгын тастыктоо.** Автордун диссертациясынын темасы боюнча 9 макаласы жарык көрүп, республикалык жана эл аралык конференцияларда илимий баяндамалар жасалган.

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**10. Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы

бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча илимий адистиги бар И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты жана окутуунун технологиясы кафедрасын сунуш кылат.

**Биринчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: Кыргыз повесттериндеги подтекст проблемасы (50-60-жылдар). - Бишкек, 1999, - монография; 1960-жылдан кийинки Кыргыз адабияты (озордук макала) //Китепте: Түрк дүнүйөсүнүн адабият тарыхы. 9-том. - Анкара, 2007. - 657-662-б.; 50-60-жылдардагы адабий кырдаал жана көркөмдүк жаңылануу //Илимий жыйнакта: Адабият жана искусство маселелери. - Бишкек, 2007. - №1. - 65-68-б.; Адабий кырдаал жана көркөмдүк жаңылануулар. Монография. - Бишкек, 2009. - 420-б., филология илимдеринин доктору **Кадырманбетова Айнура Күмөнөвнаны** (автореферат боюнча шифры 10.01.01), **экинчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: Кыргыз аңгемесиинин поэтикасы: сюжет жана композиция маселелери. Канд. Дисс. Автореф. - Бишкек, 1995. - 23 бет; Султан Раевдин роман-метафорасы. // Азия Ньюс. - 2019. - 9-октябрь; Бейшебай Усубалиев адам табиятын терең изилдеген жазуучу. // Азия Ньюс. - 2019. - 5-май., филология илимдеринин кандидаты, доцент Медетов Аскар Советовичти (автореферат боюнча шифры 10.01.01) сунуш кылат.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү филология илимдеринин кандидаты Сабитова Элира Сагындыковна сунуш кылынган ишти карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражаны коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.18.575 диссертациялык кеңешине 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Токтоматова Жазгүл Асылбековнанын "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну" деген темадагы диссертациясын коргоого сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Э.С. Сабитова**

Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм:

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Н.Ыйсаева**